КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ТОҢ РАЙОНУ ТӨРТ-КҮЛ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОНСКИЙ РАЙОН
ТОРТ-КУЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ
КЕНЕШ АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

## Төрт-Күл айыл аймагынын айылдык Кеңешинин депутаттарынын VII-чакырылышынын XVIII сессиясынын № 2 токтому
## 25-январь 2024-жыл

**Төрт-Күл айыл аймагынын "Ырыскы–Суу" ИСКАКБнын жетекчисин өз арызынын негизинде жумуштан бошотуу жана жаңы "Ырыскы–Суу" ИСКАКБнын жетекчисин шайлоо жөнүндө**

---

Төрт-Күл айыл аймагынын "Ырыскы–Суу" ИСКАКБнын жетекчиси Жусубалиева Тамара Исмаиловнанын 29.12.2023-жылы жазган арызынын негизинде, Төрт-Күл айыл аймагынын "Ырыскы–Суу" ИСКАКБнын жетекчисин шайлоо боюнча протоколун эске алып, Шабданов Азамат Тажыбековичтин келечектеги иш-планын угуп, талкуулап айылдык Кеңештин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Төрт-Күл айыл аймагынын "Ырыскы–Суу" ИСКАКБнын жетекчиси Жусубалиева Тамара Исмаиловнанын 29.12.2023-жылы жазган арызынын негизинде ээлеген кызмат ордунан бошотулсун.

2. Шабданов Азамат Тажыбекович Төрт-Күл айыл аймагынын 2024-жыл 18-январь айындагы "Ырыскы–Суу" ИСКАКБнын жетекчисин шайлоо боюнча протоколунун негизинде "Ырыскы–Суу" ИСКАКБнын жетекчиси болуп 25-январь 2024-жылдан баштап дайындалсын.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагын өзүмө калтырам.

**Төрага** **У.Карыпбаев**